## Мамлекеттик казына облигациялар рыногу
*(2014-жылдын сентябрь айы)*

**1-график. МКО сунушунун жана суроо-талабынын көлөмүнүн жана кирешелүүлүгүнүн динамикасы**




Кароого алынган мезгил ичинде Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин казына облигацияларын жайгаштыруу боюнча эки аукцион жана баштапкы рынокто бир кошумча жайгаштыруу ишке ашырылган. МКОнун жарыяланган эмиссиясынын жалпы көлөмү өткөн айдын көрсөткүчүнө салыштырганда 14,8 пайызга төмөндөө менен 512,0 млн. сомду түзгөн. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде Финансы министрлиги тарабынан жүгүртүү мөөнөтү 2 жылдык МКОлор гана сунушталган. Жыйынтыгында, рыноктун катышуучулары тарабынан өткөн айдын ушул эле көрсөткүчүнө салыштырганда 19,6 пайызга төмөндөө менен 494,5 млн. сом суммасына баалуу кагаздар сатып алынган. Сатуу көлөмүнүн мындай төмөндөөсү – коммерциялык банктар тарабынан кызыгуусунун бир аз төмөндөөсүнүн натыйжасы. Суроо-талап көлөмү 733,0 млн. сомду түзгөн (-18,6 пайыз). Мында, канааттандырылган суроо-талап деңгээли 1,7 пайыздык пунктка көбөйүп, 45,6 пайызды түзгөн.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде МКО боюнча орточо айлык кирешелүүлүктүн жалпы көрсөткүчү ай ичинде 0,1 пайыздык пунктка төмөндөө менен 14,7 пайыз өлчөмдө түптөлгөн.

**2-график. МКОнун суроо талаптын жана сатуунун көлөмдөрдү жана кирешелүүлүгү.**




Жүгүртүүдөгү МКО көлөмү ай ичинде 7,2 млрд. сомго чейин көбөйгөн (+3,1 пайыз). Мында, негизги ээлик кылуучулар – институционалдык инвесторлордун үлүшүнүн 1,9 пайыздык пунктка (53,9 пайызга чейин) төмөндөөсү байкалган. Коммерциялык банктардын салыштырма салмагы, тескерисинче, 1,9 пайыздык пунктка көбөйүп, 46,0 пайыз өлчөмдө түптөлгөн. Юридикалык жактар-резиденттердин салыштырма салмагы мурдагыдай эле, 0,1 пайыз деңгээлде сакталган. Резиденттер эместер байкоого алынган мезгил ичинде аталган баалуу кагаздарды сатып алган эмес.

МКОнун баштапкы рыногунун концентрациялануу[1] индекси айдын жыйынтыгы боюнча 0,31 чегинде катталган, бул концентрациялануунун жогорку деңгээлин көрсөтүп турат жана рынокто бирдей үлүштөгү үч инвестордун катышуусуна ылайык келет.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде экинчилик рынокто МКО менен операциялар жүргүзүлгөн эмес.

**1-таблица. МКО кармоочулардын коминалдык нарк боюнча түзүмү**

*миң.сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Комм. банктар | | Институт. инвестор | | Резидент юридик. жактар | | Резидент эмес юридик. жактар | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| Сентябрь'2013 | 5 720 480,0 | 3 012 511,9 | 52,7% | 2 704 765,9 | 47,3% | 3 160,2 | 0,1% | 0 | 0,0% |
| Октябрь | 5 437 480,0 | 2 627 076,6 | 48,3% | 2 717 403,4 | 50,0% | 3 000,0 | 0,1% | 0 | 0,0% |
| Ноябрь | 5 318 580,0 | 2 635 176,6 | 49,5% | 2 588 703,4 | 48,7% | 4 700,0 | 0,1% | 0 | 0,0% |
| Декабрь | 5 740 680,0 | 3 431 385,9 | 59,8% | 2 214 594,1 | 38,6% | 4 700,0 | 0,1% | 0 | 0,0% |
| Январь'2014 | 5 785 280,0 | 3 374 033,5 | 58,3% | 2 315 546,5 | 40,0% | 5 700,0 | 0,1% | 90 000,0 | 1,6% |
| Февраль | 5 425 380,0 | 3 047 712,1 | 56,2% | 2 371 967,9 | 43,7% | 5 700,0 | 0,1% | 0 | 0,0% |
| Март | 5 916 280,0 | 3 073 612,1 | 52,0% | 2 836 967,9 | 48,0% | 5 700,0 | 0,1% | 0 | 0,0% |
| Апрель | 6 404 580,0 | 2 939 877,8 | 45,9% | 3 459 002,2 | 54,0% | 5 700,0 | 0,1% | 0 | 0,0% |
| Май | 6 826 480,0 | 3 161 885,4 | 46,3% | 3 658 894,6 | 53,6% | 5 700,0 | 0,1% | 0 | 0,0% |
| Июнь | 7 081 360,0 | 3 195 535,4 | 45,1% | 3 880 124,6 | 54,8% | 5 700,0 | 0,1% | 0 | 0,0% |
| Июль | 7 071 350,0 | 3 275 785,4 | 46,3% | 3 788 864,6 | 53,6% | 6 700,0 | 0,1% | 0 | 0,0% |
| Август | 6 994 600,0 | 3 084 681,3 | 44,1% | 3 903 218,7 | 55,8% | 6 700,0 | 0,1% | 0 | 0,0% |
| Сентябрь | 7 208 100,0 | 3 318 252,5 | 46,0% | 3 883 147,5 | 53,9% | 6 700,0 | 0,1% | 0 | 0,0% |

[1] Бул индекс банктардын портфелинде баалуу кагаздардын концентрациялануу деңгээлин көрсөтүп турат. Концентрациялануу индекси Херфиндаль-Хиршмандын методикасы боюнча эсептелинет жана жалпы көлөмдө көрсөткүчтүн салыштырма салмагынын квадраттарынын суммасын түшүндүрөт. Индекстин мүмкүн болгон маанилери 0дөн 1ге чейин маанилердин интервалында бар. Индекстин 0,10 кем эмес мааниси концентрациялануунун төмөн деңгээлине; 0,10дон 0,18ге чейин – концентрациялануунун орточо деңгээлине; 0,18ден жогору – концентрациялануунун жогорку деңгээлине ылайык келет. Мисалга алсак, 0,50гө барабар концентрациялануу индекси бирдей үлүштөгү эки катышуучунун; 0,30 – үч катышуучунун ж.б. катышуусуна эквиваленттүү.